**ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**
**РЕСПУБЛИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БОРБОРУ**

# 2018-2019-ОКУУ ЖЫЛЫНДА ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРИНИН 5-7-9-11-КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ ПРЕДМЕТИНЕН БАСКЫЧТУУ ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ЭКЗАМЕНДЕРИ БОЮНЧА МАТЕРИАЛДАР ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР



**ТАШКЕНТ-2019**

Экзамен материалдары жана сунуштар Республикалык билим берүү борбору алдындагы Түркий тилдер боюнча Илимий-методикалык кеңешинин 2019-жылы 5-марттагы 1-сандуу токтомунун негизинде талкууланып, бекитилип басмага сунушталган.

Экзамен материалдарын көбөйтүп таратууга тыюу салынат.

Мектептин методикалык бирикмелери экзамен билеттерине 15-20% га өзгөртүрүүлөр киргизүүгө болот.

## КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ


**ТҮЗҮҮЧҮЛӨР:**
А.Юнусалиева - Республикалык билим берүү борборунун методисти.
Г.Шерматова -Республикалык билим берүү борборунун методисти.

**ПИКИР БИЛДИРҮҮЧҮЛӨР:**
Ш.Орунбаева - Ташкент облусу Бөкө районундагы 35-мектептин кыргыз тили жана адабият мугалими;
Х.Усманов - Ташкент облусу Паркент районундагы 33-мектептин кыргыз тили жана адабият мугалими.

## Адабият предметинен баскычтуу экзамен үчүн сунуш

(5 - класс)

Адабият предметинен 5-класстардын баскычтуу экзамени оозеки түрдө өткөрүлөт.

Баскычтуу экзамен материалдары 40 билеттен туруп,биринчи суроосу үйрөнүлгөн акын-жазуучулардын өмүрү жана чыгармалары негизинде түзүлдү.Экинчи суроодо үйрөнүлгөн ырлардан үзүндүнү көркөм окуу жана жатка айта алуу көнүккөндүктөрү этибарга алынган. Окуучу өзү тандап алган билет боюнча жооп берет. Окуучуларга тапшырмалар боюнча даярдануу үчүн 15 минутага чейин убакыт берилет.

Окуучулардын жооптору төмөнкүдөй критерийлердин негизинде бааланат:

| **Критерийлер** | **Балл** | |
|---|---|---|
| Жазуучулардын өмүрү жана чыгармалары жөнүндө маалыматка ээ болсо,практикалык маалыматтарды билсе,чыгармада болгон окуя-көрүнүштөрдү түшүнсө,жана каармандарга мүнөздөмө бере алса,пикрин өз алдынча жана көркөм баяндай алса. | 3 балл | 5 балл |
| Ырдын текстин айтууда (басым,логикалык эрежелерге ) амал кылып жатка айталса | 2балл | |
| Жазуучунун өмүрү жана чыгармаларынан жана чыгармасынын мазмунун түшүнгөн болсо,чыгарма каармандарына мүнөздөмө бере алса,пикирин өз алдынча баяндай билсе. | 2 балл | 4 балл |
| Ырдын текстин айтуудагы нормалары азыраак бузулса,тутулуп айтса. | 2 балл | |
| Жазуучунун өмүрү,чыгармачылык жолу жана чыгармасын толук окубагандыгы сезилсе, чыгарма жана анын каармандарына болгон мамилесин билдирүүдө өз алдынча пикирлери болбосо; | 2 балл | 3 балл |
| Ырды көркөм окууда адабий тилдин нормалары бузулса,кээ бир саптарын унуткан болсо; | 1 балл | |
| Жазуучунун өмүрү, чыгармачылык жолу жана чыгармалары жөнүндө жалпы маалыматты гана билсе; | 1 балл | 2 балл |
| Ырды кыска айтса, тема боюнча мугалим тарабынан берилген суроолорго кыскача жооп берсе; | 1 балл | |
| Билет суроолоруна жалпы жооп бере албаса, кошумча суроолорду жарым-жартылай билсе. | 1 балл | |

**Эскертүү**: Берилген жооптор көрсөтүлгөн критерийлерден бир кыйла айырмаланса да окуучунун аракети этибарга алынат жана жогорудагы критерийлерге негизделген абалда бааланат. Окуучунун окуусу жакшы болуп,кыйналган абал болсо, кошумча суроолор берилиши мүмкүн.

### Билет №1

1. Кыргыз эл жомокторунан кайсыларды билесиң?
2. Өзүң окуган 10 макалды айтып бер.

### Билет №2

1. «Атанын керээзи» жомогу эмне жөнүндө?
2. Өзбек эл жомокторунан кайсыларды билесиң?

**Билет №3**

1. «Гүл өстүрө албаган бала» жомогун кыскача түшүндүрүп бер.
2. Дидактикалык чыгармалар деген эмне?

**Билет №4**

1. Макал-лакаптар жөнүндө айтып бер.
2. «Үч ага-ини баатырлар» жомогу кайсы элдин жомогу?

**Билет №5**

1. Табышмак менен жаңылмачтын пайдасы эмнеде деп ойлойсуң?
2. Мекен,эл,достук жөнүндөгү макалдардан айтып бер

**Билет №6**

1. Элдик эпикалык мурастардан санап бер.
2. Төрт жаңылмач айтып бер.

**Билет №7**

1. «Акылдуу кыз»жомогун талдап бер.
2. Жомоктон  үзүндү окуп бер.

**Билет №8**

1. «Манас» эпосу кандай бөлүктөрдөн турат?
2. «Чынчыл киши аткан чымын» калпын  көркөм окуп бер.

**Билет №9**

1. Дидактикалык чыгармаларга кайсы чыгармалар кирет?
2. «Гүл өстүрө албаган бала » жомогун  айтып бер.

**Билет №10**

1. Өзбек эл жөө жомоктору жөнүндө кыскача маалымат бер.
2. «Акылдуу кыз» жомогун кыскача түшүндүрүп бер.

**Билет №11**

1. Манастын бала чагы жөнүндө айтып бер.
2. Өзүң окуган, уккан 6 макалды айтып бер.

**Билет №12**

1. Каалаган ырыңды жатка айтып бер.
2. Кандай жомокторду адабий жомоктор дейбиз?.

**Билет №13**

1. Жаандан кийин куралат,
Жети түрдүү түс алат.
Мунун атын ким билет?
Табышмактын  жообун тап?
2. Чыңгыз Айтматовдун өмүрү жөнүндө кыскача маалымат бер?

**Билет №14**

1. Элдик эпикалык мурастардан санап бер.
2. “ Бугу Эне “ жомогу жөнүндө кыскача баяндап бер.

**Билет №15**

1. «Манас» эпосу жөнүндө кыскача маалымат бер.
2. «Күч бирдикте» жомогун айтып бер.

**Билет №16**

1. Жалил Садыковдун кандай чыгармаларын билесиң?
2. «Тумарис баяны» жөнүндө айтып бер.

**Билет №17**

1. Миркарим Асим жөнүндө кыскача маалымат бер?
2. Манастын бала чагынан үзүндү айт.

**Билет №18**

1. Аалы Токомбаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө кыскача маалымат бер.
2. “ Телегей» романы жөнүндө айтып бер.

**Билет №19**

1. Аалы Токомбаев жөнүндө кыскача маалымат бер.
2. «Бүкөн» ыры эмне жөнүндө? Айтып бер

**Билет №20**

1. Темиркул Үмөталиев жөнүндө кыскача маалымат бер.
2. «Чолпонбай» аңгемеси эмне жөнүндө.

**Билет №21**

1. Алыкул Осмонов жөнүндө кыскача маалымат бер.
2. «Жетим менен сыйкырчы» поэмасын үзүндү айтып бер.

**Билет №22**

1. Касымалы Жантөшев жөнүндө кыскача маалымат бер.
2. «Күч бирдикте» жомогунан көркөм окуп бер

**Билет №23**

1. Жоомарт Бөкөнбаев жөнүндө кыскача маалымат бер.
2. «Тянь-Шань» ырынан үзүндү жаттап айтып бер

**Билет №24**

1. Райкан Шүкүрбеков жөнүндө кыскача маалымат бер.
2. «Телибай тентек» поэмасынан түшүнгөнүңдү айтып бер.

**Билет №25**

1. Мидин Алыбаев жөнүндө кыскача маалымат бер.
2. «Жылан менен бака » поэмасынан үзүндү айтып бер.

**Билет №26**

1. Тоголок Молдо ким болгон? Анын кандай чыгармалары бар?
2. «Тоо эчки» деген ырды жатка айтып бер.

**Билет №27**

1. Каалаган ырынды жатка айтып ер.
2. «Үлгү ырларды»,көркөм окуп бер.

**Билет №28**

1. Барпы Алыкуловдун «Болор жигит» аттуу чыгармасы эмне жөнүндө?
*2.* Өзүң билген макал-ылакаптардан айтып бер.

**Билет №29**

1. Токтогул Сатылганов жөнүндө кыскача маалымат бер.
2. «Карагул ботом»ырынан кандай жыйынтык чыгардың?

**Билет №30**

1. Ысмайыл Борончиев жөнүндө кыскача маалымат бер.
2 «Балык менен балыкчы тууралуу жомок» чыгармасынан көркөм окуп бер.

**Билет №31**

1. Байдылда Сарногоев жөнүндө кыскача маалымат бер?
2. Расул Гамзатовдун «Эне тили» аттуу чыгармасын жатка айтып бер.

**Билет №32**

1.Александр Сергеевич Пушкин жөнүндө кыскача маалымат бер.
2.“ Кош, Алымкул“ ырын көркөм окуп бер.

**Билет №33**

1.Расул Гамзатов жөнүндө кыскача маалымат бер.
2.«Бешигим – Мекен » ырынын мазмунун айтып бер.

**Билет №34**

1. Худайберди Токтобаев жөнүндө кыскача маалымат бер
2. Каалаган ырыңды жатка айтып бер.

**Билет №35**

1. Ханс Кристиан Андерсен жөнүндө кыскача маалымат бер.
2. «Буудайык » чыгармасын мазмунун кыскача айтып бер.

**Билет №36**

1. Молдо Кылыч Шамыркан уулунун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө айтып бер.
2. «Булбул» жомогунун мазмунун айтып бер.

**Билет №37**

1. «Карагул ботом» чыгармасынын мазмунун сүйлөп бер.
2. “Мекен ”жөнүндө жатка билген ырыңды айтып бер?

**Билет №38**

1. “Ай нурунда кышкы түн “ ырын көркөм айтып бер.
2. Мекен, эл, достук жөнүндөгү макалдардан айтып бер.

**Билет №39**

1.Каалаган ырынды жатка айтып бер
2. Токтогулдун санат ырларынан көркөм окуп бер.

**Билет №40**

1. Алишер Наваийнин өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө кыскача аяндап бер.
2. Өзүң билген жаңылмачтан жатка айтып бер.

## КЫРГЫЗ ТИЛИ ПРЕДМЕТИНЕН БАСКЫЧТУУ ЭКЗАМЕН ҮЧҮН СУНУШ
## 7-КЛАСС

Кыргыз тили предметинин негизги милдеттеринен болгон сабаттуу жеке адамды жетилдирүү максатында 7-класста кыргыз тилинен баскычтуу экзамен жазма иши, башкача айтканда диктант түрүндө өткөрүлөт.

Диктант окуучулардын сабаттуулугун текшерүү менен бирге тилдин курулушу боюнча алган билимдерин бышыктоо,бул билимдерди практикага байланыштыруу көнүккөндүгү жана сөз өстүрүүнү пайда кылуу тажрыйбасына каратылат.

Тандалган диктанттын тексти төмөнкүдөй талаптарга ылайык келиши керек:

окуучулардын окуу жылында үйрөнүлгөн темалар боюнча билим жана тажрыйбаларын бышыктоого, ошондой эле сабаттуулугун ткөзөмөлдөөгө кызмат кылуусу;

диктант текстинин көлөмү 120-150 гө чейин болгон сөздөрдөн туруп, өтүлгөн темаларга толук ылайык келе турган жана ээлеген билимдерди сыноо мүмкүнчүлүгүн бере турган материал тандоо;

тандалган текст окуучуларга белгилүү окуу китептеринен алынбастан,мүмкүн болушунча чыгармачыл болушу,өз алдынча окулган же окуучуларга тааныш эмес болгон чыгармалардан алынып, таалим-тарбиялык мааниге ээ болусу зарыл.

Диктант окуп берүү аркыуу жаздырылат.Диктант жазылгандан соң текст кайра көркөм окуп берилет.

**Диктант төмөнкүдөй баалоо критерийи негизинде бааланат**

| КРИТЕРИЙЛЕР | БАЛЛ |
|---|---|
| Сулуу жазуу менен жазылган,1 орфографиялык,2 пунктуациялык катасы болгон диктантка коюлат ( Бул ½ түрүндө белгиленет) | 5 балл |
| Каталар саны түрдүүчө болушу мүмкүн: 2 орфографиялык +2 пунктуациялык ката; 1 орфографиялык+3 пунктуациялык ката; 0 орфографиялык +4пунктуациялык ката. *(Бул : 2\2 ; 1\3; 0\4)* .Каталардын катышы өзгөрүшү мүмкүн,бирок алардын жалпы саны 5 тен, орфографиялык каталардын саны 2 ден ашпастыгы керек | 4 балл |
| 4 орфографиялык + 4 пунктуациялык ката; 3 орфографиялык + 5 пунктуациялык ката; 0 орфографиялык + 7 пунктуациялык ката; 4 орфографиялык + 6 пунктуациялык ката . (Бул*: 4\4; 3\5; 0\7; 4\6)* Бирок орфографиялык каталардын саны 4 төн ашпастыгы керек | 3 балл |
| 7 орфографиялык+7 пунктуациялык ката; 6 орфографиялык+8 пунктуациялык ката;<br>5 орфографиялык +9 пунктуациялык ката ;8 орфографиялык +6 пунктуациялык ката.*(Бул:7\7; 6\ 5\9; 8\6).*Ар кандай 7 ден ашык орфографиялык каталарга коюлат | 2 баал |

**Эскертүү:**

1. Белгиленген критерийлерден ашыкча каталар болсо «1» коюлат.
2. Диктантка баа коюуда белгиленген критерийде чегара болушу керек.

Мисалы: «4» баа үчүн орфографиялык каталардын саны 2 ден, «3» баа үчүн орфографиялык каталардын саны 4 төн ашпастыгы жана «2» баа үчүн орфографиялык каталардын саны 7 ден ашык болушу керек.

3. Диктант текстинде түзөтүүлөр саны 3 же андан ашык болгон диктантка “5” баа коюлат;
4. Түзөтүүлөрдүн саны 5 же андан көп болсо диктанттын баасы өз-өзүнөн бир баллга төмөндөтүп коюлат. Мындай абалдарда мисалы: “4” баа, “3” баага түшүрүлөт.

Эгер пунктуациялык каталар болбосо ,тек гана 4 -5 орфографиялык ката болсо “3” баа коюлат.

## ДИКТАНТ ҮЧҮН ТЕКСТТЕР:

### Кеч күздө

Тоо саргайыңкы,абасы салкын.Кокту-колоттун баары мал.Анда-санда малчылардын боз үйлөрү,кишилер аз. Жай мезгили өткөн соң,тоого дем алууга эч ким келбейт.Өңчөй гана малчылар калышат.Мындай мезгилге туш келген мейман кадырлуу болот.Аны бир жылгадан экинчисине тындырбай чакырышат.Кымыз мол.Оокат мол. Эң негизгиси баары бекер.Өзү да жыргады.Эшеги да жыргады. Өмүрү ал минтип дем алып,көргөн эмес. Ушул убакка чейин тоого келбегени өкүнүчтүү. «Элге кадырым бар экен»,– деп өзүнө-өзү аябай ыраазы. Аялынын шаардагы ооруканага жөнөтүлгөнүн,балдары туш-тушка жиберилгенин Түлкүбай дем алуу күндөрүндө укту.

«Үй-бүлөм мамлекеттин камкордугу менен курчалган», –деп тим болду.Чардап жата берди. Бирок «текшерүүчү келиптир»деген кабарды

угары менен жакага түштү.Үйүнө кайрылган жок. Көнүмүшү боюнча маданий чордонго алып келди.Абдинин маанайы пас.Түлкүбайдын көзүнө жүдөңкү,шалпайыңкы көрүндү. Оош-кыйыш турмуш деген ушул деп ойлоду Түлкүбай .**(138-сөз)**

## Китепке кызыгуу

Таңга жуук гана бир аз көз ирмегени болбосо,Абай бул түндү уйкусуз өткөрдү.Бирок чарчаган жок.Али да китеп бетине үңүлүүдө.Ар түрдүү тилдерде жазылган китептер ага кокусунан дуушар болду.Абай жакшы түшүнө турган чагатай,түрк тилдериндеги китептер менен бирге,тилин кыйналып түшүнгөн араб,фарс тилдериндеги китептер жана алардан да оорураак түшүнө турган орус тилиндеги китептер толуп турат.Абайдын жайчылыкта окугандарынан бүгүнкү окуп олтурушунун максаты да башка. Китептен ала турган билим,нусканын бардыгы бүгүн шашылыш түрдө талап кылынып жаткан кези эле.Абай кийинки күндөрдө,айрыкча ушул кийинки түндө өзүнө мурда белгилүү болбогон бир абалда,кандайдыр бир эски изилдөөчүнүн абалында олтурат.Ушул абалына өзү таңыркай түшүп,китепке ого бетер кызыгып,кадала карайт.Фарс,түрк китептери аны бир кездерде Шираздын гүлдөгөн бактарына алып барат,Самарканддын мазар имараттарына кадалат.Мөрө менен Мешхеддин булбулдары сайраган мөмөлүү бактарына, салкын шамал соккон бассейндерине Улуу акындар мекен кылган Гераттын,Газнанын жана Багдаттын сарайларына,медреселерине жана китепканаларына алып келет.**(159-сөз)**

## Туулган жер

Атам дайыма эртең менен эрте кетип жүрдү.Өзү менен кошо оор болот лом,күрөк,чукулук,анан бош чанач алат да узун карала аргамжыга байлап,ээрине арта салынып, бастырып кетет.Атам кыя жолго түшүп,жылкычылардын айылына баратышкан башка атчандарга аралашканча артынан тиктеймин. Мына,арадан көп жылдар өттү.Окуп,көп нерселерди түшүндүм,көрдүм,үйрөндүм,көз караштарым кеңейди.Шаарда жашоого да көнүп кеттим.Бирок атамдын айткан сөздөрүн унутканым жок.Кайра алар мен үчүн өтө салмактуу,өтө кымбат болуп чыга келди.Өткөн жылдардын бийиктигинен атамдын чексиз мээримин дайым сезип,андан кубат алам.Тоо түбүндөгү кичинекей кыштакка бүткүл жан дүйнөм менен тартылам.Эртерээк баргым келет.Айылдагы кээ бир жаштар карыларга корсулдап моюн толгошуп жүрүшкөндүр – дейм.Ичим ачышат.Алар мендеги болуп жаткан ойлорду,сезимдердикайдан түшүнмөк эле.Алар да туулуп өскөн айылынан алыстап чыгышса,кандай шартта болорун билишмек.Анткени аралык менен убакыт өзгөрткөн турмуштун агымы аларды да сөзсүз кайра жаратмак.**(150-сөз)**

## 9-КЛАСС БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ЭКЗАМЕНИ БОЮНЧА СУНУШ

Баяндама өткөрүүдө окуучулар тексттин мазмунун кандай түшүнгөндүктөрү, өз пикир жана түшүнүктөрүн чыгармачыл жана өз алдынча түшүндүрө алуулары, жазма кеп тажрыйбасы жана сабаттуулугу сынап көрүлөт. Чыгармачылык баяндаманын көлөмү кеминде 3,5 – 4 бет болушу мүмкүн.Белгиленген убакыт 2 саат (120 минута) болуп , 5 баллдуу системада бааланат.

Чыгармачылык баяндама үчүн эки баа, ошондой эле мазмуну менен сабаттуулугуна (5 \5) түрүндө коюлат.

Жазма жумуш төмөнкүдөй баалоо критерийи негизинде бааланат

| Баал | Мазмуну | Сабаттуулугу |
|---|---|---|
| «5» | • баяндаманын планы теманын мазмунун толук өз ичине алса;<br>• баяндама мазмуну тема, планга ылайык келсе;<br>• баяндаманын мазмуну системалуу үзгүлтүксүз түрдө ачып берилсе;<br>• жазма кептин лексикалык байлыгы, сөздөрдү өз ордунда иштетилиши жана синтаксистик сүйлөм түзүлүшүнүн ар түрдүүлүгү менен ажыратылып турса;<br>• баяндамада улуттук жана жалпы инсандык баалуулуктар негизинде накыл сөз ,макал жана статистикалык маалыматтардан орундуу пайдаланган жана келтирилген маалыматтар негиздүү болсо;<br>• баяндама адабий тилдин нормаларына амал кылган, теманын мазмуну азыркы доор менен байланышкан, жалпы жыйынтыкталган болсо. | Текст сулуу жазуу менен жазылып, 1 орфографиялык, 1 пунктуациялык каталык болсо, 1 грамматикалык каталыктар болсо,бул 1/1/1 түрүндө белгиленет |
| **«4»** | • баяндама планга ылайык, мазмуну толук берилген,бирок кээ бир жерлеринде келтирилген окуя-сүрөттөөлөрдө кемчиликтер болсо;<br>• баяндаманын планы,тексттин мазмуну темага (70 пайызга чейин) туура келсе;<br>• баяндамада улуттук жана жалпы инсандык баалуулуктардын негизинде накыл сөз,макалдардан орундуу пайдаланган,бирок өз алдынча пикирлерди баяндоодо ыраттуулугу бир аз бузулган болсо;<br>• жазма кептин лексикалык, грамматикалык түзүлүшүн түрдүүчө колдонгон болсо;<br>• тексттин мазмунунун түзүлүшү жана туюнтулушу менен ажралып турса;<br>• тема адабий тилдин нормаларына амал кылган , жалпы жыйынтыкталган болсо, бирок тексттин мазмунунда темадан | Бул баяндамада каталардын саны төмөнкүдөй болгондо: 2/2/3; 0/4/3<br>Бирок грамматикалык каталардын саны – 3, орфографиялык каталардын жалпы саны 2 ден ашпастыгы керек. |

| | | |
|---|---|---|
| | азыраак четке чыгуулар болсо. | |
| **«3»** | • баяндама так жазылган,борок тексттеги 3-4 фактыларда каталыктар болсо;<br>• баяндамада белгиленген темадан четтөөлөр ( темага байланышы болбогон маалыматтар ) бар болсо;<br>• жазган тексттин темага ылайыктуулугу 70 пайыздан кем болгон абалдарда;<br>• тексттин пландарында удаалаштык бузулса;<br>• жазма кепте лексикалык байлыгы жок, сүйлөм түзүү бир түрдүү болсо;<br>• текстте сөздөрдүн орунсуз пайдаланган абалдары болсо; | Мында каталар төмөнкүчө:<br>0/5/7;<br>¼-7/4;<br>2/3-6/4;<br>4/4/4;<br>3/5/4. |
| **«2»** | • баяндама мазмуну планга жалпы туура келбеген болсо;<br>• фактыларда каталыктар көп болсо;<br>• тексттин темага ылайыктылуугу 50 пайызды да түзбөгөн болсо;<br>• теманын пландарынын берилишинин удаалаштыгы толук бузулган,тема менен план бир бирине туура келбесе;<br>• текстте сүйлөмдүн түзүлүшү толук бузулган болсо. | Каталардын саны түрдүүчө болушу мүмкүн:<br>–Баяндамада пунктуациялык каталарды канча болушуна карабай ,5 орфографиялык ката болгондо;<br>–8 же андан ашык пунктуациялык каталар болгондо;<br>–Орфографиялык жана пунктуациялык каталар 8, грамматикалык каталар саны – 5 болгондо. |
| **«1»** | • Жогоруда көрсөтүлгөн критерийлерден төмөн жазылган текстке коюлат. | 7 жана андан ашык грамматикалык каталыктар болсо |

***Эскертүү:***

**1.** Баяндаманы балоодо окуучунун өз алдынча ой- пикирлердин салыштыруу,сүрөттөө усулу,жазма кеп сабаттуулугу ,сүйлөмдүн түзүлүшү жеке пикирлеринин орундуу иштелиши, чыгармачылык менен жандашуусуна карап,бир баллга ашырып коюлушу мүмкүн.

**2.** Эгерде тексттин көлөмү белгиленген беттен 1,5 же 2 эсе ашык болсо, жогоруда көрсөтүлгөн критерийден бирөөгө ашырылат. Бирок «5» коюла турган баяндама «4» коюла турган жазма жумушта каталардын санынын ар биринен (жогоруда белгиленген орфографиялык, пунктуациялык сыяктуу ) 1ге, «3» баа коюла турган баяндама 2 ге ашырылат.

**3.** Тексттин темасы жалпы ачып берилбеген болсо, биринчи баа тикеден-тике канааттандырарлыксыз коюлат.

## БАЯНДАМА ҮЧҮН ТЕКСТТЕР:

## ЫЙМАНДЫН КҮЧҮ

Чыңгыз Айтматовдун “Бетме-бет “ повестиндеги Ысмайыл уурдаган уйдун этин үйгө алып келгенде ,Сейде чочуп кетет.”Сен белең?” – дейт тамагы кургап.”Унчукпа ишиң болбосун! – дейт Ысмайыл-заманаң бөрү болсо ,бөрү бол, сен ачтан өлүп бара жатсаң, бирөө келип казаныңа аш салып бербейт. Алган алып, жулган жулат. Мен уурдайм, аскерден качып,ачтан өлөйүн деген эмесмин. Өлсө башка өлсүн, бирок мен жөн эле өлө калбайм. Этти салып жегиле, сөөгүн көрсөтпөй жерге көмгүлө,уктуңбу? “ Анан Ысмайыл чыгып кетет.Нес болгон Сейде отуруп калат.Чатышып, түрмөктөшкөн ойлор. Бир түндүн ичинде анын чачы агарып кетти. Эртеси баласын колуна көтөргөн Сейде атайы качкынды кармоого келген эки солдатка ууру күйөөсүнүн каерде жатканын колу менен көрсөтөт. Анан баласын көтөрүп,Ысмайылжашынган жерди көздөй жөнөйт.Ок атылат. Мырзакул жарадар болот.Солдаттар да ок чыгарышты.Каршы -терши учкан ок. Бала көтөргөн аял гана Ысмайылды көздөй баратат”.Ал азыр өлүмдү көздөй эмес, адамдын бийик касиети, адилеттиги үчүн баласын керилген көкүрөгүнө кысып, башын өйдө көтөрүп кетип бара жатты.Аңгыча болбой , нары камыштын арасынан боз шинели алама – жулама, бети башы сакал баскан киши секирип чыгып, мылтыгын кош колдоп өйдө көтөрүп, аялга кылчылдап жүткүндү.Бетинен киргилт тер куюлган, капкара түнөргөн Ысмайыл Сейдеге жакындап, бетме-бет келгенде, көзү алачакмактанып, мурунку Сейде эмес, кандайдыр башка, кандайдыр өзүнүн укмуштуу күчүн, өз артыкчылыгын, адалдыгын билип, жалтанып койбостон, баласын көтөрүп, жылаңбаш аялдын калкайып турганын көрдү.Сейденин жаш аралашкан көзүн бир карап, мылтыгын тээтигиндей ташка жанчып ыргытты да, колун көтөрүп, мылтыгын сунуп келе жаткан солдаттарга корголоду”–деп жазат жазуучу.

1. Текстке карата план түзгүлө.
2. Өз ой-пикирлериңер негизинде баяндама жазгыла.

## ЭНЕ ТИЛИБИЗДИ УРМАТТАЙЛЫ, САКТАЙЛЫ !

Тил адам коому менен бирге пайда болгон жана аны менен бирге өнүгүп келген.Антпеген күндө адам бири –бири менен байланышпаса коом жашай албайт. Ошол үчүн тил – адамдардын өз ара сүйлөшүп, пикир алышуусунун жана байланыш – катышынын маанилүү куралы.Мына ушул байланыш - катыш куралы болуп эсептелген тил аркылуу гана адамдар бири-бирин түшүнүп, өзүн түшүндүрүп, билим алып, ой-сезимин,турмуштук тажрыйбасын байытат. Ошону менен бирге тил адам баласынын асыл ойлорун, накыл кептерин жоготпой сактап,өзүнөн кийинки муундарга жеткирип турат. Тил аркылуу элдер бири-биринен айырмаланып, улут – улутка бөлүнүп, бирин-бири таанытат жана таанып билет. Өзүнүн эне тилин өзгөчө сүйүп баалаган акын Расул Гамзатов бир ырында “Эгерде эртең авар тили өлөт десе, мен бүгүн өлүүгө даярмын ”деген.Тил – улуттун баа жеткис зор байлыгы. Тил – улуттук руханий курал, ал улуттун да тамат” деген накыл сөздө айтылгандай, тил жөн эле байланышуу куралы эмес, тил – дилдин

күзгүсү.Тил –илимдин ачкычы, тил – достуктун көпүрөсү, тил – жакшылыктын жарчысы. Тилсиз жашоо жок.Бул ойлор тууралуу ойчул акын Жусуп Баласагын "Кут алчу билим " дастанында:

Илим менен билимге көпүрө – тил,
Көкөлөткөн адамдын тили деп бил.
Тил адамды бакытка бөлөп салат,
Тил адамды шорлотот, башын алат,"–деп жазган.

Жеке адамын инсандык сапаттары, акылмандыгы же кем акылдыгы, өзүмчүлдүгү же кеңпейилдиги, намыстуулугу же намыссыздыгы анын сөзүнөн билингендей эле, ар бир улуттун өзгөчөлүгү биринчи кезекте анын тилинен билинет. Улуттун тилден башка да белгилери болот,мисалы, кийими, символикалык атрибуттары, белгилүү аймакта жердегендиги , каада-салты жана башка.Бирок ,тил – улуттун негизги белгиси.

Биздин ата-бабаларыбыз тилдин кадыр –баркын жакшы билишкен. "Өнөр алды – кызыл тил","Сөздү укканга айт, сууну сиңген жерге куй" деген макалдарда тилдин мааниси жөнүндө терең ойлор айтылган.

1. Текстке карата план түзгүлө.
2. Өз ой-пикирлериңер негизинде баяндама жазгыла.

## СУУ – ӨМҮРДҮН АЗЫГЫ

Суу.Күн жылыганга чыдабай мөңгүдөн акырындап сарыгып чыгып жаткан муздак суу, жер астынан ийип булак болуп, жарык дүйнөгө ашыккан суу, шылдырап таштан-ташка урунуп каякадыр шашып жөнөгөн дарыя суусу,түбөлүк мелмилдеп турган деңиздин, мухиттин суусу. Баары суу, баары адам өмүрүнүн бир бөлүгү, жаратылыштын тиричиликке марттык менен тартуулаган эң чоң берекеси, жан-жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн, адамдардын кыймылга келип турушунун башкы азыгы ушул– суу.

Тээ илгертен бери эле эл сууну барктап, анын ыйыктыгын, тазалыгын даңазалап, ооздон – оозго түшүрбөй күндөп-түндөп ыр кылып, жомок кылып келишкен, кийинки муундарга табияттын бул тартуусун кордобоого чакырган. Кийинки эле өткөн акындардан Жеңижок:

Жер жүзүнө жайылып,
Толуп чыккан аккан суу.
Жети кабат жер астын,
Жарып чыккан аккан суу .
Жер ааламдын баарысын,
Багып чыккан аккан суу, деп аккан сууну алты күнү ыр кылып, суунун бул дүйнөдөгү таралышын, анын жан–жаныбарлар менен байланышын нускалап отурса, Барпы акын болсо:

Жарандарын жаны–сен ,
Жаратылган каны–сен,–деп суусуз ай- аалам болбошун, жеткен жери гүлстан шаар болгонун айтат.

Эл ырчылары суунун адам өмүрүндөгү маанисин айтып гана тим болбой,бизге ошол чоң байлыкты сактоого чакырган.

" Суу – адамдын өмүрү. Суу – жердин өмүрү. Суусуз өмүр жок "– дейт карыялар. Бийик тоолордон атылып чыккан суу адамды көздөй ашыгат.Адам

аны ооздуктап буруп, эгиндерди, жемиштерди, гүлдөрдү, пахталарды сугарат.

Азыркы күндө жердин үчтөн эки бөлүгү суу, 80000 чарчы километр суу бар, андан башка да келечектеги суулар– түбөлүк муздар, мөңгүлөр, муз океандарыбыз бар,бирок ошондой көп нерсеге ыраазы болуп калган жокпуз, аны иштетүүдөн, сарамжал пайдаланбоодон улам суу проблемасы келип чыкты. Жерде суу байлыгы,анын кенчи түбөлүк дешке болбойт. Жер үстүндөгү суунун 2,5 пайызы гана ичүүгө жарайт, а керектөө жылдан -жылга артып барат. Демек, тынчсызданбай жашоого мүмкүн эмес. Тапшырмалар:

1. Текстке карата план түзгүлө.
2. Өз ой-пикирлериңер негизинде баяндама жазгыла.

## 11-КЛАСС БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ЭГЗАМЕНИ БОЮНЧА СУНУШ

Окуучулардын кыргыз тили жана адабияты предметтеринен ээлеген көнүкмө,тажрыйбалары жана компетенттиги анын оозеки кебинин жараянында күзөтүлүшү менен бирге ал жараткан түрдүү текстте да өз көрүнүшүн табат.11-класстарда кыргыз тили жана адабияты предметинин негизги көрсөткүчү окуучулардын ойлору логикалык ыраатуулукта болушу, өз алдынча туура баяндай алуу тажрыйбасы жана билимдеринин кеңдиги жана дүйнө таанымынын байлыгы, ошондой эле жазма сабаттуулук даражасы менен белгиленет.

Ошого ылайык 11-класстын бүтүрүүчүлөрү кыргыз тили предметинен жыйынтыктоочу аттестацияда **дилбаян** жазышат. Дилбаян адабий-чыгармачылык жана эркин темаларда жазылат. Окуучулардын жыйынтыктоочу текшерүү дилбаяны аркылуу жазма сабаттуулугун аныктоо менен бирге окуучунун руханий мурасын кеңири пропагандалайт. Сунушталган темалар мектептин методикалык бирикмесинде талкуудан өткөрүлүп,методикалык бирикме жана педагогикалык кеңештин токтому менен бекитип алынат. Бүтүрүүчүлөрдүн кыргыз тили жана адабият предметинен жыйынтыктоочу экзамени боюнча белгиленген темаларды 15 пайызга өзгөртүрүшү мүмкүн.Дилбаян темалары 3 вариантта даярдалды.Ар бир вариантта 3 тема (2 адабий-чыгармачыл, 1 эркин тема ) белгиленди.Каалаган бир окуучу тарабынан варианттардан (конверттен) бирөөсүн тандап алат.Тандап алынган конверттеги тексттин темалары окуучуларга окуп берилет,окуучулар ушул темалардан бирин тандашат жана ушул тема доскага жазып коюлат.Дилбаяндын темасы доскага жазылгандан соң тапшырманы аткаруу үчүн 3 саат (180 минута) убакыт берилет.Дилбаян 11- класстарда 3 беттен 5 бетке чейин болушу керек.

Дилбаян үчүн эки баа, б.а,мазмунуна жана сабаттуулугуна (5/5 түрүндө) коюлат.

## ЖАЗМА ЖУМУШ ТӨМӨНКҮДӨЙ БААЛОО КРИТЕРИЙИ НЕГИЗИНДЕ БААЛАНАТ

| Баа | Мазмуну | Сабаттуулугу |
|---|---|---|
| «5» | • Дилбаяндын планы теманын мазмунун толук өз ичине алса;<br>• жазма жумуштун мазмуну тема, планга ылайык келсе;<br>• Дилбаяндын мазмуну системалуу үзгүлтүксүз түрдө ачып берилсе;<br>• жазма кептин лексикалык байлыгы, сөздөрдү өз ордунда иштетилиши жана синтаксистик сүйлөм түзүлүшүнүн ар түрдүүлүгү менен ажыратылып турса;<br>• дилбаянда улуттук жана жалпы инсандык баалуулуктар негизинде накыл сөз, макал жана статистикалык маалыматтардан орундуу пайдаланган жана келтирилген маалыматтар негиздүү болсо;<br>• дилбаянда адабий тилдин нормаларына амал кылган, теманын мазмуну азыркы доор менен байланышкан, жалпы жыйынтыкталган болсо. | Текст сулуу жазуу менен жазылып, 1 орфографиялык, 1 пунктуациялык каталык болсо, 1 грамматикалык каталыктар болсо,бул 1/1/1 түрүндө белгиленет |
| **«4»** | • дилбаян планга ылайык, мазмуну толук берилген,бирок кээ бир жерлеринде келтирилген окуя-сүрөттөөлөрдө кемчиликтер болсо;<br>• дилбаяндын планы,тексттин мазмуну темага (70 пайызга чейин) туура келсе;<br>• дилбаянда улуттук жана жалпы инсандык баалуулуктардын негизинде накыл сөз ,макалдардан орундуу пайдаланган,бирок өз алдынча пикирлерди баяндоодо ыраттуулугу бир аз бузулган болсо;<br>• жазма кептин лексикалык, грамматикалык түзүлүшүн түрдүүчө колдонгон болсо;<br>• тексттин мазмунунун түзүлүшү жана туюнтулушу менен ажралып турса;<br>• тема адабий тилдин нормаларына амал кылган , жалпы жыйынтыкталган болсо, бирок тексттин мазмунунда темадан азыраак четке чыгуулар болсо. | Бул дилбаянда каталардын саны төмөнкүдөй болгондо:<br>2/2/3; 0/4/3<br>Бирок грамматикалык каталардын саны – 3, орфографиялык каталардын жалпы саны 2 ден ашпастыгы керек. |
| **«3»** | • дилбаян так жазылган,борок тексттеги 3-4 фактыларда каталыктар болсо;<br>• дилбаянда белгиленген темадан темадан четтөөлөр ( тема байланышы болбогон маалыматтар ) бар болсо;<br>• жазган тексттин темага ылайыктуулугу 70 пайыздан кем болгон абалдарда;<br>• тексттин пландарында удаалаштык бузулса;<br>• жазма кепте лексикалык байлыгы жок, сүйлөм түзүү бир түрдүү болсо;<br>• текстте сөздөрдүн орунсуз пайдаланган абалдары болсо; | Мында каталар төмөнкүчө:<br>0/5/7;<br>¼-7/4;<br>2/3-6/4;<br>4/4/4;<br>3/5/4. |

| | | |
|---|---|---|
| **«2»** | • дилбаяндын мазмуну планга жалпы туура келбеген болсо;<br>• фактыларда каталыктар көп болсо;<br>• тексттин темага ылайыктылуугу 50 пайызды да түзбөгөн болсо;<br>• теманын пландарынын берилишинин удаалаштыгы толук бузулган,тема менен план бири- бирине туура келбесе;<br>• текстте сүйлөмдүн түзүлүшү толук бузулган болсо. | Каталардын саны түрдүүчө болушу мүмкүн:<br>–Дилбаянда пунктуациялык каталарды канча болушуна карабай ,5 орфографиялык ката болгондо;<br>–8 же андан ашык пунктуациялык каталар болгондо;<br>–Орфографиялык жана пунктуациялык каталар 8, грамматикалык каталар саны – 5 болгондо. |
| **«1»** | • Жогоруда көрсөтүлгөн критерийлерден төмөн жазылган текстке коюлат. | 7 жана андан ашык грамматикалык каталыктар болсо |

***Эскертүү:***

1. Дилбаянды балоодо окуучунун өз алдынча ой- пикирлердин салыштыруу,сүрөттөө усулу,жазма кеп сабаттуулугу ,сүйлөмдүн түзүлүшү жеке пикирлеринин орундуу иштелиши, чыгармачылык менен жандашуусуна карап,бир баллга ашырып коюлушу мүмкүн.
2. Эгерде тексттин көлөмү белгиленген беттен 1,5 же 2 эсе ашык болсо, жогоруда көрсөтүлгөн критерийден бирөөгө ашырылат. Бирок «5» коюла турган дилбаян «4» коюла турган дилбаянда каталардын санынын ар биринен (жогоруда белгиленген орфографиялык, пунктуациялык сыяктуу ) 1ге, «3» баа коюла турган дилбаян 2 ге ашырылат.
3. Тексттин темасы жалпы ачып берилбеген болсо, биринчи баа тикеден-тике канааттандырарлыксыз коюлат.

## 11-КЛАСС БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ЭКЗАМЕНИ ҮЧҮН ТӨМӨНДӨГҮ ТЕМАЛАР БЕЛГИЛЕНДИ:

### 1-ВАРИАНТ

1.Манас – кыргыз элинин улуу мурасы.
2. А.Осмоновдун кыргыз поэзиясында алган орду.
3.Менин тилим – менин дилим.

### 2-ВАРИАНТ

1.”Мен алардын сүрөтүн дагы тартам! ”(Ч.Айтматовдун “Жамийла” повестиндеги Данияр менен Жамийланын махабаты.).
2. М.Ауэзовдун “Абай” романында казак элинин тарыхынын чагылдырылышы.
3. Бүгүнкү дүйнө жана Өзбекстан

### 3-ВАРИАНТ

1. Т.Абдымомунов “Абийир кечирбейт ” чыгармасындагы адам психологиясынын берилиши.
2. А.Кадирийдин “Өткөн күндөр ” романында улуттук духтун баяндалышы.
3. Спорт –ден соолуктун кепили.